# “ЭНЕ ТИЛИМ БАЙЛЫГЫМ”

“Бирге жүрөм, эне тилин кадырлайм.
Бул тил менен иштейм, суйлойм, ыр ырдайм.
Башка тилди жандай жакшы көрсөм да,
Эне тилди сүйгөнүмдөн жаңылбайм.”

**А.Осмонов**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

- Кыргыз тили — кыргыз элинин улуттук тили, улуттук маданиятынын формасы, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат. Кыргыз тили теги боюнча түрк тилдеринин системасына кирет да, алтай тили менен бирге чыгыш хун бутагынын кыргыз-кыпчак тобун түзөт.
- Адабий тилдин биринчи жана негизги шарты катары анын жазуу жүзүндө берилишин эсептөө керек. Өзүнүн жазуу системасы бар элдерде гана жазма адабий тил өнүгүшү мүмкүн. Кыргыз эли өзүнүн кыйла кылымдык өнүгүү тарыхында ар кайсы жазуу системаларынан пайдаланып келгендигине карабастан, улуттук жазмасына Октябрь революциясынан кийин гана жетишти. Демек, кыргыз жазма адабий тили советтик түзүлүштүн жемиши болуп эсептелет.

- Кылымдардан кылымга көөнөрбөй жашап келген эл чыгармачылыгы - ошол элдин акыл эсинен, эмгегинен, турмуштук тажрыйбаларынан улам жаралган. Элдик обон-күү, кол өнөрчүлүк сыяктуу өнөрлөр менен бирдикте эзелден бери жашап келе жаткан тил өнөрү да тынымсыз өсүп-өнүгүп олтуруп, ошол элдин руханий дүйнөсүнүн көркөм дөөлөтүнүн деңгээлин аныктай алган, көз тайгылткан мурастарды жарата алды.
- Эл тарабынан жаралган лирикалык, эпикалык, дидактикалык чыгармалар замандар бою сакталып, атадан-балага, укумдан-тукумга ыйык керээз катары сакталып келет. Ал мурастар элдин сыймыгы, мактанчы гана болбостон, бүгүнкү күндөгү маданиятыбыздын, адабиятыбыздын өнүгүшү үчүн сүйөнүч болуп берүүгө жарамдуу, бай болуп да келүүдө. Ар бир эл өзү басып өткөн тарыхындагы турмуштук тажрыйбаларынын эң керектүүлөрүн, келечекке үлгү-сабак боло турган пайдалуу байкоолорун «сөз берметтерине» сиңирип, накыл кептерди, макал, лакаптарды жаратышкан.

- Ата-бабабыз бизге көөнөрбөс сөз казынасын мурастап берип кетиптир. Аларды окуп үйрөнүү, аң-сезимибизди, тилибизди байытуу биздин милдет. «Өнөр алды кызыл тил»- деп калкыбыз сөз өнөрүн абдан барктаган. Ошон үчүн «Манас» сыяктуу улуу эпосту жаратып кетишкен.
- Биз, байыркы кыргыздардын урпактары, аларга миң мертебе рахматыбызды айтып, түбөлүк таазим кылууга милдеттүүбүз.